## Маданият жана орус тили

Россияда тезирээк көнүп кетүү үчүн Сизге жергиликтүү калк менен көбүрөөк сүйлөшүүнү, досторду табууну, майрамдарга катышууну, киного, музейлерге, театрларга, китепканаларга барууну, орус тилин үйрөнүүнү сунуштайбыз.

Өзүңүздүн орус тилин билүү деңгээлиңизди сайттардын жана тиркемелердин жардамы менен жогорулатыңыз, мисалы: «Россия для всех» (өзбекче), TORFL GO, pushkininstitute.ru –«Образование на русском» порталы. Орус тилин, Россиянын тарыхын жана мыйзамдарын билүү боюнча кийинки сайттарды колдонууга болот: testcons.ru, testmigr.rudn.ru

Улуттар аралык тематика боюнча иш-чараларды Комитет по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге, Санкт-Петербургский Дом национальностей, коомдук уюмдар өткөрүшөт. Санкт-Петербургда жакшы көнүү үчүн Сизге бул иш-чараларга катышууну, маданият жана салттар жөнүндө билүүнү жана жаңы досторду табууну сунуш кылабыз.

**Сиз маалымат алуу, акысыз кеңеш алуу жана мамлекеттик жана коомдук уюмдардан жардам алуу үчүн кийинкилерге кайрылсаңыз болот:**

**Ыкчам жардам көрсөтүү бирдиктүү номуру** - 112 (стационардык же мобилдик телефондон) – өзгөчө кырдаалдар, өмүргө жана ден соолукка коркунуч пайда болгон учурда.

## Мигранттар үчүн мамлекеттик колдоо көрсөтүүлөр жана кызмат көрсөтүүлөр

**Комитет по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге**
сайт: gov.spb.ru/gov/otrasl/kmormp/, vk.com/spbmigrant
e-mail: info@kmormp.gov.spb.ru
тел.: 8 (812) 576-28-08
Чет жердик жарандар үчүн түз байланыш түйүнү: 8 (812) 576-28-67

**СПБ ГКУ «Санкт-Петербургский Дом национальностей»**
сайт: spbdn.ru, vk.com/domnac_spb e-mail: domnac@yandex.ru
тел.: 8 (812) 579-00-09

**Управление по вопросам миграции ГУ МВД России по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области**
сайт: 78.мвд.рф/ms тел.: 8 (812) 573-37-22, 8 (812) 573-30-02
• отдел по вопросам трудовой миграции
ул. Красного Текстильщика, д.15 8 (812) 318-06-26
• отдел по работе с соотечественниками, беженцами и переселенцами
пр. Римского-Корсакова, д.39 8 (812) 573-22-92
• отдел миграционного учета, оформления виз и приглашений
ул. Красного Текстильщика, д. 10-12, лит. Д 8(812) 573-38-25
• отдел оформления разрешений на временное проживание и видов на жительство
ул. Красного Текстильщика, д. 10-12, 8(812) 383-94-83, 8(812) 383-94-91

**Многофункциональные центры предоставления государственных услуг (МФЦ)**
Единая справочная служба МФЦ: 8 (812) 573-90-00
Список МФЦ Санкт-Петербурга: gu.spb.ru/mfc/

**Филиал по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области ФГУП «Паспортно-визовый сервис» МВД РФ**
сайт: pvsmvd.ru/branches/78
e-mail: obr_spb@pvsmvd.ru
тел.: 8 (812) 703-68-78

## Акысыз укуктук жардам

**БФ «ПСП-фонд»**
сайт: psp-f.org , vk.com/pspfond
Чет жердик жарандар үчүн түз байланыш түйүнү: 8 (953) 141-31-09

## Пайдалуу маалымат

**migrantinfo.kmormp.gov.spb.ru** – «Добро пожаловать в Санкт-Петербург!»: мигранттар үчүн интернет-ресурс Комитета по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге

**migrussia.ru** – «Миграция и мигранты: информационный портал» (мыйзам боюнча кеңештер, мигранттар жана алар менен иштеген адистер үчүн пайдалуу кеңештер)

## Санкт-Петербургского Дома национальностей маалыматтык ресурстары

**Мигранттар үчүн пайдалуу байланышуу түйүндөрү**

http://spbdn.ru/

https://vk.com/domnac_spb

*Буклет «Полезные советы для трудовых мигрантов»*
*(на киргизском языке)*
*Разработка текста: БФ «ПСП-фонд»*
*Авторы-составители: Гончарова Д.В., Якимов А.Н.*
*Редактор: Панич Б.Л.*
*Тираж 500 экз.*
*Изготовлено по заказу СПб ГКУ «СПб Дом национальностей» при поддержке Комитета по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге.*

Комитет по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге

Дом Национальностей Санкт-Петербург

# Санкт-Петербургга кош келиңиз!

# Пайдалуу кеңештер

### Эмгек мигранттары үчүн



Санкт-Петербург
2022

## УРМАТТУУ ДОСТОР!

Бул буклеттен Сиздер Санкт-Петербургда мыкты жайгашууңуздар үчүн жардам бере турган пайдалуу кеңештерди таба аласыздар! Сизге ийгилик каалайбыз!

## Мыйзамдар жана миграциялык документтер

Сиз Россияга учуп келген билетти жана түшүү талонун сактап коюңуз.

Дайыма өзүңүз менен чогуу паспортуңузду, миграциялык картаны, каттооңузду (миграциялык каттоого тургандыгыңыз жөнүндө кабарламаны), төлөм жүргүзүлгөндүгү жөнүндө чек менен чогуу ишке орношуу патентин, медициналык полисти. Эгерде буларды жоготуп алган болсоңуз, көчүрмөсүн жасап алыңыз.

Россиянын миграциялык мыйзамдарынын өзгөрүүсүнө көз салып туруңуз. Зарыл маалыматтарды издөөдө мамлекеттик ведомстволордун расмий сайттарынан колдонуңуз.

Өзүңүздүн документтериңизди эч кимге сактап кой деп бербеңиз: аларды алып коюуга эч кимдин укугу жок, ошондой эле Сиздин нары-бери эркин жылып жүрүү укугуңузду чектегенге дагы эч кимдин укугу жок. Эгер мындай болсо, полицияга кайрылыңыз!

Өзүңүздү документиңизди өз убагында узартып туруңуз. Каттоого туруунун, миграциялык картанын жана патентти узартуунун мөөнөтүн өткөрүп жиберүү мыйзам бузуу болуп эсептелет, муну үчүн Сизге айып пул салуусу же Россиядан чыгарып жиберүүсү мүмкүн.

## Миграциялык каттоого туруу жана патент алуу

Миграциялык каттоого Сиз токтоп жашай турган дарек боюнча туруу керек, болбосо Сизге айып пул салуусу мүмкүн.

Бардык жаштагы балдардын ата-энесинин токтоп жашап жаткан дареги боюнча каттоосу болушу керек.

Санкт-Петербургда мыйзамдуу патентти бир гана кийинки даректен алууга болот «Паспортно-визовом сервисе» МВД России https://pvsmvd.ru/branches/78 .

Жумушка орношуу үчүн патенттин даяр болгондугун жана нактыгын https://мвд.рф/сервисы-гувм сайтынан билүүгө болот.

Патент боюнча төлөм ар бир жолу төлөнө турган убактысынан 1 күн мурун кечиктирилбестен төлөнөт. Төлөмдү жумушка орношуу үчүн патентти алган датадан кийинки алдыдагы 12 ай үчүн алдын ала төлөп коюуга болот. Эгер Сиз иштебесеңиз, бирок Сизде Россияда болуу үчүн башка негиздер жок болсо деле баары бир узартып коюу зарыл.

Миграциялык картаны жумушка орношуу үчүн алынган жана төлөнгөн патенттин жарактуу мөөнөтүнө дал келтирип өз убагында узартыңыз.

## Жумуш

Эмгектин жана айлык маянасынын бардык шарттары жазылган расмий түрдөгү жазуу жүзүндөгү келишим боюнча гана иштеңиз, же болбосо Сизди алдап коюусу мүмкүн.

Жумуш издөө үчүн расмий сайттарды колдонуңуз, мисалы, «Работа в России» trudvsem.ru же болбосо Санкт-Петербургдун вакансиялар банкын колдонуңуз r21.spb.ru

Ортомчуларга кайрылбаңыз – алар сизди алдашы мүмкүн же бекер жумушчу күчү катары колдонушу мүмкүн.

Эсиңизден чыгарбаңыз, Сизге патентте белгиленген аймакта жана адистикте гана иштегенге болот. Санкт-Петербург жана Ленинград облусу – ар башка аймактар!

Сиз иштеп жаткан уюмдун аталышын жана дарегин, Сиздин жетекчиңиздин ээлеген кызматын, фамилиясын, атын, телефонун билип алуу абдан маанилүү. Эгерде өз укугуңузду коргоого туура келсе, анда бул маалыматтын кереги тийиши мүмкүн.

Акчаны Сиздин наамыңызга ачылган атайын банк картасы менен алыңыз же бухгалтериядан жеке өзүңүз эсептөө баракчасына кол коюп алыңыз. Эгер Сизге жумуштан акча карыз болсо, тил кат жазып берүүсүн талап кылыңыз.

Сиз кол коюп жаткан нерселердин баарын кунт коюп окуңуз, сизге көчүрмөлөрүн берүүнү талап кылыңыз. Сиз түшүнбөгөн же макул болбогон документтерге кол койбоңуз.

Сизде коопсуз жумуш орду болушу керек. Сиз күнүнө 8 сааттан жана жумасына 40 сааттан ашыкча иштегенге милдеттүү эмессиз. Сиз жумушка толук кандуу орношуп иштеп жатсаңыз, Сиздин айлык маянаңыздын өлчөмү эмгекти төлөөнүн минималдуу өлчөмүнөн ылдый болбошу керек (МРОТ). МРОТ Санкт-Петербургда 2022-жылы айлык маянасы 21 500 рублду түзөт.

Эгерде айлык маянаңызды 15 күндөн ашык мөөнөткө кармаса, анда Сиздин ч.2 ст.142 ТК РФ ылайык жумуш берүүчүгө айлык маянасын төлөбөгөндүгүнө байланыштуу жумушту токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз берүүгө укугуңуз бар. Ошондой эле, мындай учурларда Сизге жумуш берүүчүгө жүзүндөгү дооматты (претензия) берүүгө жана Государственную инспекцию труда жана Прокуратуру кайрылууга кеңеш беребиз.

## Полиция менен өз ара аракеттенишүү

Эгерде Сиз кылмыштан жабыркасаңыз же ага күбө болсоңуз, полицияга кайрылыңыз: жеке өзүңүз же мобилдик телефон аркылуу 112 же 102, www.мвд.рф сайты аркылуу.

Эгерде полиция Сизден документтерди текшерүү үчүн жакынкы полиция пунктуна барууну суранса, туугандарга же досторго чалууну жана Сиз каякта турганыңызды жана ким менен сүйлөшүп жатканыңызды билдирүүгө кеңеш беребиз. Полиция кызматкеринин төш белгисинин (жетондун) номурун эстеп калыңыз, ошондой эле кызматтык күбөлүгүн көрсөтүүсүн сураныңыз жана аны менен таанышыңыз.

Эсиңизден чыгарбаңыз: пара берүү үчүн кылмыш жоопкерчилиги караштырылган. Полиция кызматкерлерине акча бербеңиз!

Эгер Сизди кармашса, Сиздин телефондук сүйлөшүүгө укугуңуз бар, коргоочу (адвокат) жана эгер Сиз орус тилин начар билсеңиз котормочу талап кылсаңыз болот. Сизге кармоо жөнүндө жана административдик укук бузуу жөнүндө протоколдордун көчүрмөлөрүн берүүсүн сөзсүз талап кылыңыз.

Эгерде Сизди мыйзамсыз түрдө кармашса же полицияда мыйзамсыз түрдө кармап жатышса, анда 112 же 102 номурлары боюнча чалыңыз, ошондой эле Общественную наблюдательную комиссию (ОНК) жана Уполномоченному по правам человека в Санкт-Петербурге билдириңиз.

Эсиңизден чыгарбаңыз, Сизди соттун чечими чыкканга чейин 48 сааттан ашык кармаганга эч кимдин укугу жок. Полиция кызматкерлеринин Сиздин документтериңизди айып пул төлөө же башка төлөм үчүн алып коюуга укугу жок – бул мыйзамсыз! Айып пул бир гана соттун чечими же миграция суроолору боюнча бөлүмүнүн башчысынын чечими боюнча чыгарылышы мүмкүн.

Эгер полиция кызматкерлери Сиздин укуктарыңызды бузуп жатышса, Сиз 112 же 102 телефондору боюнча чалып жардам сурап кайрылсаңыз болот, же болбосо МВД РФ: 8 (800) 222-74-47 түз байланыш түйүнүнө, ГУ МВД по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области: 8 (812) 573-21-81 «ишеним номуруна» чалсаңыз болот.

Эгер Сизди Центр временного содержания иностранных граждан жайгаштырып коюшса, өзүңүздүн документтериңизди тезирээк калыбына келтирүүгө аракет кылыңыз. Өз өлкөңүздүн консулдугу менен сөзсүз түрдө байланышыңыз же болбосо акысыз юридикалык жардам алуу үчүн коомдук уюмдарга кайрылыңыз.

## Социалдык жана медициналык жардам

Медициналык тез жардам алуу үчүн мобилдик телефондон 103 же 112 номурларына чалыңыз. Өмүрүңүзгө же ден соолугуңузга коркунуч жаралган учурда Сизге акысыз медициналык тез жардам көрсөткөнгө укуктуу, бул ал тургай эгер Сизде медициналык полис же документтер жок болгон учурда дагы көрсөтүлүшү керек!

Эгерде медициналык жардам алууда көйгөйлөр жаралса, Министерства здравоохранения: 8 (812) 635-55-77 «түз байланышуу» түйүнүнө кайрылыңыз. Маалыматтык-сурап билүү кызматы: Комитета по здравоохранению Санкт-Петербурга: 8 (812) 63-555-64.

Россиянын аймагында дайыма жашаган туруктуу жашоо укугу бар чет жердик жарандар, жарандыгы жок адамдар жана качкындар социалдык колдоо ала алышат. Социалдык колдоо алуу үчүн калкты социалдык жактан коргоо мамлекеттик органдарына кайрылыңыз.

## Балдарга билим берүү

Чет жердик жарандардын балдары мамлекеттик бала бакчаларга жана мамлекеттик мектептерге акысыз барууга укуктуу. Мектеп жаш курагындагы баланын ата-энелери мыйзам боюнча аны мектепке бергенге милдеттүү.

Балдар бакчасына орноштуруу үчүн каттоого турган дареги боюнча МФЦ кайрылуу зарыл. Мектепке кирүү үчүн өзүңүздүн райондогу райондук билим берүү бөлүмүнө же мектепке кайрылыңыз.

Эгерде мектептен Сизге баш тартышса, райондук билим берүү бөлүмүнө кайрылыңыз, ал жерден Сиздин райондогу мектептердин бирөөсүнөн Сизге орун бергенге милдеттүү.

Эгер балаңыз орун тилин начар билсе, орус балдар менен кыйынчылык менен сүйлөшүп жатса, Сиз жардам алуу үчүн коомдук уюмдарга кайрыла аласыз. Санкт-Петербургда мигранттардын балдарына орус тилин үйрөтүүгө «Дети Петербурга» detipeterburga.ru жардам көрсөтүүнү ишке ашырат.